**Владимир Ильич Ленин
атындагы №2 орто мектеби**

# *65.Кылмыштуулук*

**Өзгөн шаары 2022-жыл**

# Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеп чогулуштун

## ПРОТОКОЛЫ

В.И.Ленин атындагы №2 орто мектеби 7- сентябрь 2022-жыл. Катышты: 7-8-9-10-11 класс окуучулары, класс жетекчилери, ата – энелери, РИИБ нүн ЖИИ милициянын капитаны Жороев Бакыт Эништейнович, МУУы милициянын лейтенанты Салиев Сагынбек Алимбаевич катышты .

Күн тартибинде:

1. Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун суициттин алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.
2. Мектеп окуучулары арасында жол эрежелерин сактоо боюнча түшүндүрүү иштерин алып баруу.
3. Жолдо жүрүү эрежелерин боюнча сабак отуу.

Угулду: РИИБ нүн ЖИИ милициянын капитаны Жороев Бакыт Эништейнович өз сөзүндө жаш өспүрүмдөр арасында укук бузуулуктун алдын алуу боюнча күнүнө карата иш чаралар түзүлгөндүгүн жана ушул чаранын үстүндө бир топ иштер аткарылып жаткандыгын мисалдарды келтирүү менен айтып өттү

СозгоСалиев Сагынбек Алимбаевич чыгып. Ал оз созундо Бала тарбиялоо бул өзүнчө мээнет эмгек экенин баса белгилеп кетти. Жаш муун интернеттин уюлдук телефондун таасиринде чоноюп мушташ кинолардагы каармандарды кумир тутуп калгандыгы кейиптуу корунуш болуп жатат. Мектептерде тушундыруу иштерин катуу көзөмөлгө алуу керектигин айтип кетти.

Өзгөн РИИБ нын ЖККБнын аймактык тескөөчүсү, милициянын лейтенанты Абдираимова Гүлзина жолдо жүргөндө жол белгилерине жана эрежелерге көңүл буруу, жолду кесип өтүү, жол чырактын жашыл белгиси жангандан кийин, автоунаалардын токтогундугуна ишенич болгондон кийин гана өтүүгө болотургандыгын жана дагы ушуга окшогон бир топмисалдарды келтирип кетти.

Өзгөн РИИБнун ЖККБнун кенже тескоочусу милиция лейтенанты Турсунов Мансур төмөндөгүлөргө токтолуп кетти. Сабактын максаты жаш өспүрүмдөр негизинен кичинесинен жолдо өзүн кандай алып жүрүү керектиги жөнүндө маалымат алууга тийиш жана жолду туура эмес жерден кесип өтүү, светофор кызыл жанганда өтүү, жол кесилиштери, вилосепедди чоң жолдо башкаруу тууралуу билимдери жоктугуна байланыштуу көптөгөн кыпрсыктарга дуушар болгондугу боюнча басым жасап айтып өттү.

Чечим кабыл алынды:

1. Жаш өспүрүмдөр арасында укук бузучулуктун алдын алуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер көзөмөлгө алынсын. Ар бир ата-эне өз балдардын көзөмөлдөө милдетирилсин.
2. Мектеп окуучуларынын мектепке келип кетүүсүндөгү жол эрежелерин сактоо жагын ар бир окуучуга түшүндүрүп, жеткирүү ар бир класстын класс жетекчилерине жүктөлсүн.
3. Мектеп организатору С.Маматкасимова жана соц. Пед. Г.Шакировалар окуучулардын өздөрүн алып жүрүү эрежелерин сактоосун көзөмөлдөө жагы милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Б. Абылкасимов

Катчы: Н.Жумуева